**Мамырова Махабат Каримовнанын 10.01.10 - журналистика адистиги боюнча жазылган «Эгемендүү Кыргызстандын түштүк аймагындагы гезиттердин өнүгүшү» (1991-2016) аттуу кандидаттык диссертациясынын алдын ала коргоосу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз** улуттук **университетине жана К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип** алуу **учун уюштурулган Д 10.23.667 Диссертациялык кеңешинин өткөрүлгөн кезектеги отурумунун**

**№3 ПРОТОКОЛУнан көчүрмө**

2023-жылдын 29-июну Бишкек шаары

**Отурумга диссертациялык кенештин 19 мүчөсү катышты:**

1. Ибраимов Осмонакун Ибраимович - диссертациялык кенештин төрагасы, филология илимдеринин доктору, профессор. Адистиги: 10.01.01, 10.01.09 - эмгектердин жыйындысы;
2. Тиллебаев Садык Алаханович - диссертациялык кецештин төрагасынын орун басары, филология илимдеринин доктору, доцент. Адистиги: 10.01.01;
3. Ыйсаева Нурзина Токторбековна - филология илимдеринин кандидаты – диссертациялык кецештин окумуштуу катчысы. Адистиги: 10.01.01;
4. Абакиров Курманбек - филология илимдеринин доктору, доцент. Адистиги: 10.01.09;
5. Асакеева Динара Жолдошевна -- филология илимдеринин доктору, доцент. Адистиги: 10.01.01;
6. Асанова Алтын Асановна - филология илимдеринин кандидаты, доцент. Адистиги: 10.01.10;
7. Бакашова Жылдыз Кемеловна - филология илимдеринин доктору., профессор. Адистиги: 10.01.01;
8. Жамгырчиева Гулина Төлөковна - филология илимдеринин доктору, профессор. Адистиги: 10.01.10;
9. Искендерова Суусар Искендеровна - филология илимдеринин доктору, профессор. Адистиги: 10.01.01, 10.01.09;
10. Кадырманбетова Айнура Күмөнвна - филология илимдеринин доктору, доцент. Адистиги: 10.01.01;
11. Койчуев Бактияр Турарович - филология илимдеринин доктору, доцент, Адистиги: 10.01.01, 10.01.03;
12. Мурзахмедова Гүлнара Мурзалиевна - филология илимдеринин доктору, профессор. Адистиги: 10.01.01;
13. Нарынбаева Нуржан Осмоновна - филология илимдеринин доктору, доцент. Адистиги: 10.01.09;
14. Орозобекова Жылдыз Калмашевна - филология илимдеринин доктору, доцент. Адистиги: 10.01.09;
15. Орозова Гүлбара Жалаловна филология илимдеринин доктору, профессор. Адистиги: 10.01.09;

16. Сооронкулов Гулжигит Умарович - филология илимдеринин доктору, доцент. Адистиги: 10.01.03;

17. Султанова Жыпар Оморовна - филология илимдеринин доктору, профессор. Адистиги: 10.01.10;

18. Укубаева Лайли Укубаевна - филология илимдеринин доктору, доцент. Адистиги: 10.01.01;

19. Эркебаев Абдыганы Эркебаевич - филология илимдеринин доктору. Адистиги: 10.01.01.

**КУН ТАРТИБИНДЕ КАРАЛУУЧУ МАСЕЛЕ**

**2. Мамырова Махабат Каримовнанын 10.01.10 - журналистика адистиги боюнча жазылган «Эгемендүү Кыргызстандын түштүк аймагындагы гезиттердин енугушу» (1991-2016)** аттуу кандидаттык диссертациясынын алдын ала коргоосу

Отурумдун төрагасы, филология илимдеринин доктору, академик О. Ибраимов ачып, кун тартибинде каралуучу маселе менен тааныштырды.

Диссертациянын темасы **«Эгемендуу Кыргызстандын туштук аймагындагы гезиттердин енугушу» (1991-2016)** деп бекиген жана илимий жетекчиси ф.и.д., Мамбеталив Кубан Ильязович). Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин окумуштуулар кецешинде бекитилген (№7 протоколу, 27.05.2014) бекитилген.

**Ишти кароо учун төмөнкү эксперттер дайындалган:**

Филология илимдеринин доктору Ж.Бакашева.;

Филология илимдеринин доктору Ж.Султанова.;

Филология илимдеринин кандидаты А.Асанова.

Изилдео Ош мамлекеттик университетинин Журналистика кафедрасында аткарылды.

Отурумдун төрагасы филология илимдеринин доктору, академик Ибраимов Осмонакун илимий иштин мазмунун баяндап берүү учун диссертантка сөз берди. Диссертациялык ишинин кыскача мазмуну жана илимий жыйынтыктары тууралуу диссертант Мавлянова Махабат Каримовна төмөндөгүлөрдү баяндады:

**Диссертант Мавлянова Махабат Каримовна:** Арбаңыздар, урматуу, Диссертациялык кецештин мүчөлөрү, урматтуу Осмонакун Ибраимович, Садык Тиллебаевич биздин илимий ишибиздин темасы **"Эгемендуу Кыргызстандын туштук аймагындагы гезиттердин енугушу» (1191-2016)** деп аталат.

**Диссертациялык иштин актуалдуулугу.** Кыргыз журналистикасынын тарыхына жана теориясына арналган илимий эмгектердин саны аз. Ал эми аймактарда жарык көргөн массалык-маалымат каражаттарын изилдеген диссертациялар эми гана жазыла баштады. Конкреттүү айтканда, аймактык басма сөз каражаттарынын тарыхый жагы да, теориялык жагы да, талдоого алына элек. Бул багытта иш алып баруу - келечектин иши.

Эгемен доордогу жаралган эркин гезиттердин тарыхый жолу системдүү түрдө карап чыгуу - учурдун октом талабы. Биз диссертациябызда эгемен доордо туштук аймактарда орун алган экстремалдык учурларды гезиттерде чагылдырылышын иликтөөгө алдык. Биздин бул иликтеобуз бул багыттагы алгачкы аракет болуп саналат. Диссертациябыздын актуалдуулугу - мына ушунда.

**Изилдеенун максаты.** Ош, Жалал-Абад, Баткен областарындагы басма сезде 1990-2016-жылдарда орун алган езгече учурлдарды (ыңылап, коогалан,

митингтер) чагылдыруунун таржымалын изилдеп, жыйынтык чыгаруу. Бул максатты аткарыш учун мындай милдеттерди койдук:

1. Басма сөз тармагын изилдөөнүн теориялык негиздерине таянып бизге чейин иликтенген илимий эмгектерди талдоо.

2. Эгемен доорундагы маалымат каражаттарынын өнүгүүсүнүн тарыхый этаптарын акынтоо.

3. Басма сезду изилдоенун методологиясы менен методдордун аныктоо.

4. Ош, Жалал-Абад, Баткен аймактарындагы басма сезде орун алган өзгөчөлүктөрдү белгилөө.

5. Экстремалдык кырдаалдарды (Ош - 1990, Баткен-1999, Аксы-2002 митинг) чагылдырган басма сездун материалдарын талдоо.

6. Ыңкылаптардын (Март-2005, Апрель-2010, Ош-2010) контекстинде иштеген аймактык прессанын материалдарын талдоого алуу.

7. Кыргызстандагы мониторингдердин отчётторундагы жана медиа комиссиянын материалдарындагы туштук регионго тиешелүү фактыларды анализдөө.

8. Журналисттерге коюлган доо арыздар боюнча соттун чыгарган чечимдеринин укуктук жактан тууралыгын талдоого алуу.

9. Илимий изилдөөнүн жыйынтыгын чыгаруу.

Изилдеенун **методологиялык** негиздери жана **методдору.** Иште темага тиешелуу методологиянын негиздерин аныктаган эмгектер: Европадан - Эрих Фихтелиус [Фихтелиус Э. Десять заповедей журналистики. Пер. со шведского. Стокгольм, 1999, с. 42-47], Удо Ульфкотте [Ульфкотте У. Продажные журналисты. Любая правда за ваши деньги. Пер. с нем. - М., 2015, с. 225-235], Дэвид Рэндалл [Рэндалл Д. Универсальный журналист. Пер. с англ. - Алматы, 1996, с. 13-35], Карстен Бредемайер [Бредемайер К. Черная риторика: Власть и магия слова. Пер. с немец. - М., 2014, с. 13-21], Уильям Бернстайн [Бернстайн У. Масс-медиа с древнейших времен и до наших дней. Пер с англ. - М., 2017, с. 351-421], Эдмунд Ламбет [Эдмунд Ламбет. Приверженность журналистскому долгу. Об этическом подходе к журналистской профессии. Пер. с англ. - М., 1998, с. 17-61], Эверетт Дэннис, Джон Мэррилл [Дэннис Э., Мэррилл Дж. Беседы о масс-медиа. Перевод с английского. - М., 1997, с. 45-63]. Булар - Батыштын окумуштуулары.

Бизге эмгектери методологиялык негиз болгон россиялык окумуштуулар: Валентин Ворошилов [Ворошилов В.В. Журналистика. Учебник. - СПб, 1999, с. 64-82], Сергей Корконосенко [Корконосенко С.Г. Основы журналистики. Учебник для вузов. - М., 2001, с. 86-108], Александр Тертычный [Тертычный А.А. Жанры периодической печати. Учебное пособие. - М., 2000, с. 24-35], Евгений Ахмадулин [Ахмадулин Е.В. Основы теории журналистики: учебник и практикум. – М., 2016, 296-304], Александр Грабельников [Грабельников А.А. Работа журналиста в прессе: учебное пособие. - М., 2001, с. 14-58], Тамара Гордиенко [Гордиенко Т.В. Журналистика и редактирование: учебное пособие. - М., 2016, с. 134- 147], Валерий Соловей [Соловей В. Д. Абсолютное оружие. Основы психологической войны и медиа-манипулирования. - М., 2015, с. 18-65], Борис Мисонжников, Алла Тепляшина [Мисонжников Б.Я., Тепляшина А.Н. Журналистика. Введение в профессию: Учебное пособие. - СПб, 2014, с.76-91], Максим Ким [Ким М.Н. Основы творческой деятельности журналиста: Учебник для вузов. - СПб, 2011, 98-120], Александр Невзоров [Нвзоров А. Г. Искусство оскорблять. – М., 2019, с. 92-104], Валерий Аграновский [Аграновский В. А. Вторая

древнейшая. Беседы о журналистике. - М., 1999, с. 270-289]. Орус тилинде чыккан эмгектерден алынган цитаталар кыргыз тилине которулду.

Кыргызстандагы басма сезге тиешелүү жазылган илимий эмгектер: С.Усупов [Усупов С. История кыргызской журналистики. - Бишкек, 2007. - 176 с.], К.Осмоналиев [Осмоналиев К. Кыргыз очерктеринин жанрдык эволюциясы. Фрунзе, 1980. - 92 б.], Ж.Акматбекова [Акматбекова Ж. Кыргызстандын массалык маалымат каражаттарынын өнүгүү тенденциясы (1991-2014). Филол. илим. канд. дис. - Бишкек, 2016. - 141 б.], Ж. Султанова [Султанова Ж. Жанровое своеобразие газет Кыргызстана в первыегоды переходного периода (на материалах прессы 1991-1992 годов): Автореф. дис. канд. филол. наук. - Душанбе, 2014. - 23 с.], Ж.Туралиев [Туралиев Ж. Система средств массовой информации Республики Кыргызстан: генезис, современное состояние и тенденции развития: Автореф. дис. канд. филол. наук. - М., 1997. - 25 с.], Т.Шаймергенова [Шаймергенова Т. Развитие киргизской периодической печати и ее роль в социалистических преобразованиях республики (1924-1937): Автореф. дис. канд. ист. наук. - Фрунзе, 1984. - 25 с.], Г.Торалиева [Торалиева Г. Особенности развития парламентской журналистики в Кыргызстане: Автореф. канд. филол. наук. - Душанбе, 2013. - 23 с.], А.Асанова [Асанова А. Чынгыз Айтматов - публицист. Учеб.-мет. пос. - Бишкек, 2014, с. 69-107], А.Князев [Князев А. Журналистика конфликта. - Бишкек, 2003, с. 64-94], Н.Джумагазиева [Джумагазиева Н. Заманбап этаптагы Кыргызстандын масс-медиясы жана эл аралык көйгөйлөр. - Бишкек, 2018, 42-62 б.], Б.Орунбеков [Орунбеков Б. Журналистика негиздери: студенттери үчүн окуу китеби. - Бишкек, 2015, 32-46 б.], А.Түмөнбаев [Туменбаев А. Репортердук иш жана газеталык жанрлар. - Бишкек, 2013, 46-65 б.], Г.Ибраева, С.Куликова [Ибраева Г., Куликова С. Кыргызстандагы маалымат каражаттарынын өнүгүү тарыхы жана азыркы абалы. - Бишкек, 2002, 14-49 б.].

Бул жерде белгилеп коюучу бир нерсе: кыргыз окумуштууларынын эмгектеринин көпчүлүгүндө журналистиканын совет доорундагы тарыхы каралган, айрымдарында эгемен жылдардын биринчи он жылдыгы иликтенди жана Аскар Акаев башкарган мезгил менен чектелди (2005 жыл). Бир гана Бакыт Орунбековдун китебинде 2014-жылга чейинки материалдар журналистиканын теориясы, типологиясы жана системасынын контекстинде каралды. Өлкөнүн басма сөзүндө аймактык гезиттер (ар бир аймакты ез алдынча) буга чейин изилденген эмес. Өлкөбүздө биринчи жолу түштүк региондун электрондук медиа каражаттары боюнча кандидаттык диссертация 2021-жылы жакталды. Ал эми басма сөз каражаттары кез жаздымда калууда. Биз бул диссертациябызда аймактык массалык-маалымат каражаттарын изилдедик. Мында чейрек кылымды камтыган (1990-2016) материалдар иликтөөгө алынды.

**Диссертацияда төмөндөгү методдор:** байкоо, «анализ менен синтез», «салыштыруу», анкета, интервью алуу, жалпылоо (индуктивдүү, дедуктивдүү). Мына ушул методдорду колдонуу аркылуу илимий иликтөө жүргүзүлдү.

Өлкөбүздөг гезиттер сапат жагынан бири-бирине таасир тийгизери анык. Басма сөздүн өнүккөн жана сапатсыз жактары да байкалды. Региондук гезиттердин хронологиялык тартиптеги тарыхы каралган жок, диссертациянын негизги максаты эгемен доорунда орун алган экскремалдык кырдаалдарда туштук региондун гезиттери ишин кантип алып барганына коцул буруу болду. Ошондой эле мамлекеттик жана мамлекеттик эмес прессанын коомдогу орду аныкталды, позитивдүү менен негативдүү жактары талдоого алынып, такталды..

**Диссертациянын илимий натыйжаларынын жаңылыгы.** Биз караган тема системдүү жана бир бүтүмдүү тартипте изилденген эмес. Буга чейин регионалдык басма сез ©з алдынча иликтөөдөн өткөн эмес. Диссертацияга кирген материалдар системалаштырылды, каралган илимий маселелер мазмун жагынан мындай багыттарды ачыктайт. Негизи, басма сөз каражаттын коомго тийгизген таасирин жергиликтүү аспекттердин алкагында аныкташ керек. Сез эркиндиги ар бир аймакта езгечереек болот, демек ар бир аймак боюнча ез алдынча изилдее жургузуу максатка ылайыктуу. Анткени жергиликтуу басма каражаттарына коомчулуктун жанажергиликтүү бийликтин таасири тиерин жокко чыгарууга болбойт..

Албетте, чиновник менен журналисттин ортосунда болгон мамиле (позитивдүү жана негативдуу елчемде) елкенун өнүгүүсүнө таасир тийгизери талашсыз. Ошондой эле журналисттердин ез ич ара пикир келишпөөчүлүктөрү, тирешүүлөрү (айрым учурда «война газет» - гезиттердин согушу - деп аталган керунуштер) да таасирин тийгизет. Бул жерде кеп мамлекеттик жана мамлекеттик эмес гезиттердин ортосундагы кайым айтышууга тиешелүү козголуп атат.

Мамлекеттик гезиттер бизге совет доорунан «аманат» катары калган. Борбор Азиядагы коңшу елкелердун медиа тармагы бул жагынан («аманат» жагы) окшош. Батышта болсо мамлекеттик медиа каражат деген жок. Бизде медиа тармак бийликтин кеземелунен кутула албай келе жатат. Басма сездун ушул жагын талдоого алып карасак, анда ар бир аймактагы гезиттер белгилүү чекте ез алдынча болуп, бир калыпка тушуп, окшош болбойт, себеби бул - андагы жашаган элдердин жашоо шартына, маданий деңгээлине, саясий кез караштарына байланыштуу болот.

Диссертацияда экстремалдуу кырдаалда иш жургузген жергиликтуу басма сез каражаттары ез алдынча каралды (ар бир областын алкагында). Негизи журналистика ез иш-аракетин коомдун талабына жана окурмандардын каалоолоруна жараша жургузет. Кыргыз коомчулугу ар дайым (ар бир президенттин мезгилинде) демократиянын эң негизги принциптерине жетекчиликке алуу менен жашоого умтулушат.

Бийликтин адилетсиз чечимдерине баш ийбей, каршы чыгып, ез кемечуне кул тарткан президенттерди елкеден кууп жиберишууде. Демек, биздин элде кулдук сезим жок, бул - елкебуз учун чоң утуш. Элдин аң-сезиминин ойгонушуна медиа каражаттардын салымы зор, айрыкча, эркин басма сез каражаттарынын. Эркин басма сез каражаттарынын коомдогу, эл ичиндеги орду - ез алдынча изилдеену талап кылат.

**Изилдеенун теориялык мааниси.** влкенун туштук тарабындагы басма сез каражаттары диссертациялык изилдееге ез алдынча объект катары биринчи жолу кирип жатат. Буга чейинки изилдеелерде жалпы жагынан бир белум катары каралып, бир параграфтын ичине камтылган. Диссертацияда туштук аймактагы гезиттер езгече бир учурларды (экстремалдык учурлар) ез алдынча бир система катары иликтегени изилдееге алдык.

Белгилеп кете турган нерсе - аталган учурлар (капсалаң, коогалуу) негизинен туштук аймагында жуз берген. Кебунче так туштук регионунда орун алган (Ош-1990, Баткен-1999, Аксы-2002, Ош-2010). Демек, бул окуялар - ез алдынча илимий изилдееге муктаж. Мына ушул милдет диссертациябызда жузеге ашырылды. Бул изилдеенун илимий жаңылыгын аныктайт.

**Иштин практикалык баалуулугу.** Изилдеенун материалдарынын негизинде «Кыргызстандын туштук регионундагы экстремалдык кырдаалдагы басма сез» деген монографияны жана ушундай аталыштагы окуу китебин жазууга

ебелге жаратат. Аймакта журналистика адистигинде билим алып жатышка студенттерге рефераттарды, курстук иштерди, бакалаврдык жана магистрди диссертацияларды жазууларына жардам берет. Ал эми окутуучулар учу «экстремалдык учурлардагы пресса», «ынкылап учурундагы пресса: фактылар жан фейктер» деген курсту жана «гезиттерге мониторинг», «Журналисттерге коюлга доо арыздар» деп аталган тематикалык семинарларды өткөрүүгө мумкунчулу жаратат.

**Коргоого коюлган жоболор.**

1. Басма соз тармагын изилдееге арналган иликтөөлөрдүн теориялы негиздерин үйрөнүп, ушуга чейин бул багытта жазылган илимий эмгектерге (оку китептер, диссертациялар жана монографиялар) деталдуу турде мунездеме берүү.
2. Кыргызстандагы басма сез каражаттарынын эгемен доордогу өнүгү процессиндеги (1991-2016) тарыхый этаптарын аныктоо.
3. Басма сез каражаттарын изилдөөдө колдонулган методологиялы концепцияны аныктап, иликтееде колдонулуучу илимий методдорду тандоо.
4. Туштук регионтдагы басма сез каражаттарынын багыттарын жана езгечелукторун белгилеп, (уч областы боюнча Ош, Баткен, Жалал-Абад) жалпы сунуштарды иштеп чыгуу.
5. Туштук регионунда орун алган экстремалдуу учурларда басма сөз каражаттарынын иш-аракеттери кандай жургузулгенун конкретүү окуялардын (Ош окуясы (1990), Баткен окуясы (1999-2000), Аксы окуясы (2002) контекстинде талдап чыгуу.
6. Март ыңкылабында (2005), Апрель ыңкылабында (2010), экинчи Ош окуясында (2010) түштүк региондогу басма сез каражатынын ордун жана ролун аныктоо.
7. Медиа каражаттарга болгон мониторингтердин отчётторундагы жана медиа комиссиянын материалындагы туштук региондук прессага тиешелүү фактыларды иликтөө.
8. Журналисттерге коюлган доо арыздардын негизинде чыккан соттордун чечимдерине укуктук жагынан мүнөздөмө беруу.
9. Диссертациядагы илимий натыйжаларды белгилеп чыгуу.

**Илимий изилдеенун жекече салымы.** ©лкенун эгемен доорундагы журналистиканын экстремалдуу учурлардын контекстиндеги тарыхы иликтеген илимий эмгек буга чейин изилдене элек. Бул тема биз тараптан биринчи жолу изилденип жатат. Кыргызстанда жургузулген мониторингтердин материалдары да биринчи жолу илимий иликтееге алынды.

Ошондой эле медиа комиссиянын материалдары да илимий кез караштан биринчи жолу талданып иликтенди. Буга чейин кыргыз журналистика илиминде биз жогоруда атаган проблемалар көңүлдөн сырт калып келген. Диссертацияда булардын баары деталдуу талданып изилденди.

**Изилдеенун апробациясы.** Иштин ичиндеги материалдар жетиштүү турде апробациядан өттү. Илимий-практикалык конференцияларда талкууланды, илимий жыйындарда доклад турунде баяндалды. Макалалар ВАКтын тизмесине кирген илимий журналдарга басылып чыкты, адистешкен илимий жыйнактардан орун алды, чет элдик РИНЦ рейтинги бар журналдардан чыкты. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын билим беруу жана илим министирлигинин грифи менен университеттер учун диссертанттын «Журналистика» деп аталган окуу куралы (16,5 басма табак келемунде, 500 экземпляр 2020-жыл) жарыкка чыкты.

**Изилдеенун жыйынтыгынын жарыяланышы**

Иштин мазмунуна байланыштуу болуп 15 илимий макала жарык керду. Бул эмгектер УАК койгон талапка толук жооп берет.

**Диссертациялык иштин тузулушу.** Иш киришүүдөн, үч главадан (ар бир глава уч бөлүмдөн) жана корутундуудан турат. Ар бир главага ез алдынча тыянак чыгарылган. Иштин аягында пайдаланган адабияттардын тизмеси берилген. Иштин көлөмү – 185 бет.

**Киришүүдө теманын актуалдуулугу,** изилдөөнүн объектиси, предмети, максаты жана милдеттери, теориялык негиздер, методологиялык база жана практикалык баалуулугу белгиленди, натыйжалар, автордун жеке салымы, иштин апробациясы жана жарыяланышы боюнча баяндама берилди.

**Биринчи глава «Басма сездун теориясы жана методологиясы».** Бул главада басма сез тармагын изилдеген илимдин теориялык негиздери аныкталды. Басма сезге багытталган илимий эмгектер иликтенди. Эгемен доордун басма сез каражаттарынын өнүгүүсүнүн тарыхый этаптары такталды (1990-2016-жылдардагы материалдар камтылды). Басма сөздү изилдөөдөгү илимий методдор тандалып алынды.

**Экинчи глава «Түштүк регионундагы медиа каражаттардын багыттары жана езгече учурлардагы таржымалы»** деп аталып, ар бир аймактын басма сезу Ош, Жалал-Абад, Баткен областтарындагы гезиттер ез алдынча каралды. Андан кийин экстремалдык кырдаалды чагылдырган окуялар, аймактардагы басма сезге кыскача маалыматтар берилди. Андан кийин экстремалдык кырдаалды чагылдырган окуялардын (Ош-1990, Баткен-1999, Аксы-2002). Таржымалы берилди. Ыңкылап болгон учурда (март 2005, апрель 2010, Ош-2010). Иштеген региондук прессанын орду аныкталды. Главага тыянак чыгарылды.

**Үчүнчү глава «Мониторингтердин отчёттору, медиа боюнча комиссиянын материалдары, журналисттерге каршы берилген доо арыздар жана илимий изилдеенун жыйынтыгы».** Мында маалымат каражаттарына жургузулген мониторингдин отчётунан жана медиа боюнча комиссиянын жыйнтыгынан туштук региондун гезиттерге тиешелүү материалдар иликтенди. Ишке жыйынтыгы жалпыланды. Главага тыянак чыгарылды.

**Отурумдун төрагасы, ф.и.д. О. Ибраимов:** Рахмат, суроолор барбы?...

**Ф.и.д., академик А.Эркебаев:** Туштуктен чыккан гезиттердеги материалдардын бардыгын окуп жатасыңбы?

**Диссертант Мавлянова Махабат Каримовна:** Суроонузга чоң рахмат, Абдыганы Эркебаевич, жетекчим экеебуз кенешип газеталарды тандап алып ошол боюнча иштедик.

**Отурумдун терагасы, ф.и.д. О. Ибраимов:** "Ош жаңырыгы", "Ленинчил жаш" газеталарын окудуңбу?

**Диссертант Мавлянова Махабат Каримовна:** Суроонузга чоң рахмат, Осмонакун Ибраимович, ооба тааныштым, карап чыктым.

**Отурумдун терагасы, ф.и.д. О. Ибраимов:** Гезиттердин өнүгүшү дегенди кандай тушунесун?

**Диссертант Мавлянова Махабат Каримовна:** Гезиттердин енугушу деп, кандай маалыматтар жарыяланган, ыңкылап учурунда кандай маалыматтарды жарыялаган ошолор боюнча изилдедик.

**Отурумдун терагасы, ф.и.д. О. Ибраимов:** Өзүң макала жазасыңбы, кайсы газеталарга жарыялагансың?

**Диссертант Мавлянова Махабат Каримовна:** Ооба жазам, өзгөчө “Ош шамы” газетасына жарыялап келем.

**Отурумдун төрагасы, ф.и.д. академик, О. Ибраимов:** Суроолор барбы? Суроолор жок болсо анда эксперттерге сез берели. Жылдыз Кемеловна сез сизде.

**Эксперттик комиссиянын терагасы, ф.и.д. Жылдыз Кемеловна:** Урматтуу терага, урматуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, эксперттик улгу боюнча бардыгы жазылды. **“Эгемендүү Кыргызстандын туштук аймагындагы гезиттердин өнүгүшү (1991-2016)"** деген тема абдан актуалдуу тема. Себеби кыргыз журналистикасында ар бир тема бузулбаган дың, ошондуктан журналистика боюнча илимий иштер боюнча жакталса деген тилегибиз бар. Эгер уруксат берсеңиздер сунуштар менен кемчиликтерин белгилеп етсом. Белгилеп койсок, бугунку кунде аймактык газеталар чындыгында абдан чоц, оор сыноолорго туш болуп турат. Ушундай учурда ушул теманы тандап алганы да ете жакшы иш деп эсептейм. Ошону менен бирге эле бул жерде теманын актуалдуулугу, илимий ишинин негиздери, диссертациянын авторефератка дал келүүсү бардыгы жазылган. Бирок, мучулуштукторге токтолуп кетким келет. Диссертацияны карап чыгып 17 пунктан турган мучулуштуктерду белгилеп кеттим. Диссертациянын мүчүлүштүктөрү төмөндөгүдөй:

1. Диссертациялык иште грамматикалык, стилистикалык, саясий ж.б. каталардын ашкере кептугун белгилегим келет. Эмгектин аталышында "туштук аймагы” деп жазылса, 2-бөлүмдүн темасында, параграфтардын көпчүлүк жерлеринде "регион" деп жазылган. Титулдук барактан кийинки “Мазмуну” деген баракта 2 грамматикалык, 2 стилистикалык ката бар. Ал эми эмгектин ичиндеги ар бир бетинде кеминде 2-3тен ката журот. Эки 45-чи бет бар. 46-47, 54, 57, 59, 61 беттерде 4-5тен грамматикалык ката журет. 87- бетте “Жалал-Абад шаарындагы Социалисттик Эмгектин эки жолку Баатыры” деген сүйлөм бар. Эки жолку Баатыр Жалал-Абад шаарында тугул, облусунда деле бол гон эмес.

2. Фактологиялык так эместиктер бар. Мисалга, 152-бетте "Скотный двор" романынын автору орус эли деп жазылган. Туурасы- Джордж Оруэлл.

3. Диссертант эмгегинде Ленindin доору, Сталиндин доору, Хрущевдун доору, Акаевдин доору, Бакиевдин доору, Атамбаевдин доору, Жээнбековдун доору (31-33 беттер) деп жаза берген. Саясый илимде андай тушунук жок. Ашып кетсе “мезгили” деп гана аталат. Кыргызстандын президенттеринин бийлик кылган жылдарын илимий эмгекте “доор” деп атаганга болбойт. Доор деген мезгилдик жана мейкиндик жактан аябагандай чоц, кецири тушунук.

4. 54-бетте акын Жолон Мамытов "Ленин жолу” гезитинде иштеген делинет, ал емурундо бул гезитте иштеген эмес, Ж.Мамытовдун алгачкы ыры 1954-жылы областтык "Ленин жолу" газетасына жарыяланганын балким адашып, иштеген деп жазып алгандай.

5. 42-43 беттерде Ала-Бука райондук “Эмгек даңкы” гезити 1936-жылы негизделгени айтылат. Чындыгында 1928-жылы Кызыл-Жар району тузулуп, ал кийин Жаңы-Жол районуна айландырылып, андан Ала-Бука, Чаткал райондору, Таш-Көмүр шаары болунген. Ала-Бука району 1937-ж. апрелде, Кызыл-Жар районунан бөлүнүп, езунче район болуп уюшулуп жатса, Ала- Бука райондук "Эмгек даңкы” гезити 1936-жылы каяктан негизделмек эле деген суроо туулат?

6. 42-бетте 1940-жылга чейин туштукт© 9 гезит чыккандыгы айтылса, 43-бетте 1937-жылы республикада 38 райондук гезит чыккан делинет. Бул экөө бири-бирине карты. Ошол убакта туштукте 20га жакын район болгон.

7. Диссертант айрым терминдерди туура эмес пайдаланган. 46-бетте "вертикалдуу бийлик жана горизонталдуу бийлик" деген соз айкаштары бар. Туурасы- бийликтин вертикалы болот, ансыз аны бийлик дегенге болбойт. Саясаттаануудa горизонталдуу бийлик деген тушунук жок.

8. 159-1960-беттерде ***"Ушуга байланыштуу "контекст" деген түшүнүктүн төмөндөгүдөй түрлөрү : "өлкөнүн ичиндеги контекст ", "өлкөлөрдүн алкагындагы контекст ", "дүйнөнүн булуң-бурчтарындагы контекст" бар",-*** деп жазылган. Контексттин кыргызчасы-тутум, ал негизинен тексттерге, процесстерге карата эле колдонулат. 159-бетте "регион" деген тушунукту чечмелегени ашыкча, көлөмдү көбөйтүү учун эле жасалган.

9. Диссертациянын 1-негиздеме бөлүмүн автор Кыргызстандагы, анын ичинде туштуктегу жергиликтүү ЖМКлар кандай нормативдик документтердин негизинде тузулуп, басма создун милдети кандай калыптангандыгына басым жасап, коз карандысыздыктан кийин алардын кайсы мазмунда, тартипте калгандыгы айтылып, анан талдоо улантылса реалдуу чындыккка жакын болмок.

10. Диссертация илимий стилде эмес, маалымдама стилинде жазылган. Талдап, анализдин негизинде илимий жыйынтыктарды чыгарып. жалпылоо эмес, жон эле фактыларды тизмектеп, окуяларды баяндап берүү устемдук кылат. Алсак, 66-75-беттерде Ош, Жалал-Абал облустарындагы 25 гезит саналып, алардын кыскача тактамалары берилген. Муну, фактыларды жылацач саноо же женекей арифметика деп коёт. Андан кийин журналисттерди сотко бергендерди санап келип, 78- беттен Баткен облусундагы гезиттерди санаганга өтүп, 83- беттен кайрадан Ош облусундагы мезгилдик басылмаларга отот. Же мурдагылар кайталанат. Системалуулук, логикалык ырааттуулук, илимий талдоо жана негиздемер сакталган эмес.

11. Диссертациянын титулдук барагында 1991-2016-жылдардагы гезиттер талданганы көрсөтүлгөн. Бирок, 53-58, 60, 63-беттерде 2018-2019- жылдардагы айрым басылмалардагы макалалар, ал эми 64-бетте "Кутбилим" гезитинин 2020-жылдагы бир саны талданып, К.Чекировдун чейрек кылымдан бери ал басылмада башкы редактор болуп иштеп келаткандыгы айтылат.

12. Диссертациянын эц башкы максаттарынын бири- экстремалдык учурларды (Ош-1990, Баткен-1999, Аксы-2002, апрель-2010, түштүк-2010 жыл, июнь) чагылдыруудагы аймактык мезгилдик басылмалардын ордуларын, ролдорун ачып беруу бол со, ал ишке ашкан эмес. Диссертант жогоруда айтылгандарды чагылдыруудагы, бери дегенде 2-3 аймактык басылманын ишин кецири ачып берип, анан башка басылмаларга мүнөздүү нерселерди да талдап, анан илимий жалпыласа, ынанымдуу да, кызыктуу да болмок. Тескерисинче, ал окуяларды чагылдыруудагы республикалык мезгилдик басылмалардын айрымдарына гана токтолуп, озунун тузден туз темасын көңүлдөн чыгарып салган. Мисалы, Ош, Жалал-Абаддагы 2010-жылдын июнундагы кандуу кагылышуулардын жаралышында айрым мезгилдик ЖМКлардын деструктивдүү ролдору аябагандай чоц болгон. К.Батыров жетектеген сепаратисттер ошол жылы май-июнь айларында озбектер компакттуу жащаган шаарларда, айыл-кыштактарда автономияны талап кылган 30га жакын митингдерди еткерушсе, алардын баарын езбек тилиндеги ЖМКлар куну-туну (телерадиолор) тынбай кайталап керсотуп, элди козутуп турушкан. Бирок, эмгектин "экстремалдык кырдаалдарга" арналган 2-бабында жергиликтуу ЖМКлардын мына ошондогу оц, терс ролдору женунде бир да соз жок. Аида эмнеге эмгектин 2-бөлүмүнө андай тема коюлган?

13. Эмгекте олдоксон суйлемдер аз эмес. “Бийлик менен басма сөздүн ортосунда тирешүү болуп турушу керек” (6.47), “Коомдо эки чоң дубал бар: бири-бийлик, экинчиси- медиа каражат” (6.161) ж.б.у.с. Чынын айтуу керек, ЖМКларды дубалга теңегенди биринчи кезиктирүүдөбүз.

14. Диссертацияда орус тилиндеги шилтемелер адегенде орусча берилет да, анын түбүнө кыргызча котормосу келтирилет (133-153 бб., башка жерлерде да аз эмес). Биздин оюбузча, кыргызча котормосу берилгени эле туура болмок. Эмгектин келемун антип жасалма көбөйтүү туура эмес.

15. 3-бөлүмдүн жалпы темасы, текста кыргызча болгон менен, майда темачаларынын көбү орусча. Бул бөлүмдө негизинен республикалык ЖМКлар талдангандыктан, анын эмгектин чыныгы максатына, милдетине тиешеси жок.

16. 3.3. параграфтын “Журналисттерге коюлган доо-арыздар чыгарган соттордун чечимдеринин укуктук негиздери” деген темасы грамматикалык, стилистикалык гана эмес, укуктук жактан да туура эмес. Журналистиканын этикасына да ылайык келбейт. Журналисттер эч качан соттордун чечимдеринен укуктук негиздерди издебеши керек. Анда соттордун адвокаттарына айланышат.

17. Корутунду максатына жетпеген, мурда айтылгандардын айрым жерлерин кайталоо болуп калган.

Бирок, бул каталарды коргоого чейин ондосо болот.

**Сунуштар:**

**Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштар.**

Бул кандидаттык диссертация боюнча жетектөөчү уюм жана расмий оппоненттер илимий иштеги жогоруда айтылган кемчиликтери четтетилгенден кийин тактал ат.

**Сунуштамалар:**

Диссертациядагы грамматикалык, синтаксистик, терминдик жана фактографиялык каталарды ондоп, тузумун, стилистикалык аспектилерин

оптималдаштыруу жана шилтемелердин кыргызча варианттарын гана калтырган ылайыктуу.

Диссертациянын титулдук барагында 1991-2016-жылдардагы гезиттер талданганы керсотулгон. Бирок, 53-58, 60, 63-беттерде 2018-2020- жылдардагы гезиттер да талданган. Аларды алый салуу керек. Диссертациянын авторефератын дагы бир жолу редакциялап, сыдыргыдан откеруу сунушталат.

**Корутунду**

Бул диссертация Кыргызстандагы жергиликтүү гезиттерди изилдее, алардын азыркы учурдагы ордуларын жана ролдорун талдоо боюнча биринчи толук масштабдуу иш болуп эсептелет. Бул тема боюнча изилдөөлөр журналистика чөйрөсүндөгү илимий өнүгүү учун абдан маанилүү жана актуалдуу экендигин белгилеп кетиш керек. Бул контекстте Диссертациянын темасы жогорку теориялык жана практикалык мааниге ээ.

**Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып, КР** УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети менен К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу илимдин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо учун түзүлгөн Д 10.23.667 диссертациялык кеңешине 10.01.10 - журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу учун жазылган **Мамырова**

**Махабат Каримовнанын «Эгемендүү Кыргызстандын түштүк аймагындагы гезиттердин өнүгүүсү (1991-2016-жылдар)»** деген темадагы диссертациясындагы жогоруда айтылган кемчиликтери четтетилгенден кийин, диссертациялык эмгекти коргоого сунуш кылса болот деп эсептейбиз.

**Отурумдун төрагасы, ф.и.д. академик, О. Ибраимов:** Сөз эксперттик комиссиянын мүчөсү филология илимдеринин доктору Жыпар Султановага берилет.

**Эксперттик комиссиянын мучесу, ф.и.д. Ж. Султанова:** Урматтуу диссертациялык кецештин терагасы жана мүчөлөрү мен оюмду кыскача эле айтып етейун. Мучулуштуктеруне токтолуп өтөйүн.

Эмгекте олуттуу мучулуштуктер бар.

1. Диссертациялык иштин түзүмүндө диссертация үч главадан, ар бир глава уч белумден турат дегени менен ар бир глава - бөлүм деп, белум - параграф деп берилген. Кыргыз жана орус тилиндеги авторефераттарда да ушул мучулуштук байкалат.

2. Диссертациянын текстин даярдоо Диссертация жана авторефераттарды тариздоо боюнча УАКтын Нускамасынын чегинде болушу зарыл, мисалы: I, II, III Глава деген сездор беттин ортосуна жазылып, абзацтардын чектери биркелки болушу керек.

4. Тексте кездешкен бир канча аббревиатуралар (ВАК,ГКНБ,МВД), Генпрокуратура, Консот деген сездор кыргызча жана толугу менен берилиши талапка ылайык.

5. Диссертация илимий тилде жазылышы керек. Бул илимий иште адабий-публистикалык стилде жазылып калган жерлер кездешет.

6.Пайдаланган адабияттар тизмеси жогорудагы Нускамага ылайык түзүлгөн. Бирок, тизмедеги 9,14, 42,53,62-66, 69-71, 73-79, 81-83,85-90,110- 118, 124, 126-127,129,134,136-138,146 пункттары тексте шилтеме катары керсетулген эмес. Мисалы, тексте керсетулген 15 пункт тизмеге туура келбейт, 42 пунктта башка адабият берилген. Мындай туура эмес жазылган шилтеме л ер ото коп.

7. Диссертациянын негизги бөлүмдөрүндө статистикалык материалдар ото арбын экенин корсо болот. Бирок бул керектүү материалдар Диссертациянын темасындагы эгемендүү Кыргызстандын туштук аймагындагы гезиттердин өнүгүүсүнөн четтеп калганын айтып, аталган изилдеелерду тема менен байланыштыруу керектигин белгилей кетуу керек.

8.Эки тилдеги авторефераттар бири-бирине тузуму да, тексттери да боюнча дал келбейт жана экоондо да орфографиялык, техникалык каталар коп, бул ар оцдоп-түзөөгө муктаж.

**Сунуштар:**

**Жетектөөчү** уюмду, **расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштар.**

Бул кандидаттык диссертация боюнча **жетектөөчү** уюм катары 10.01.10 - журналистика адистиги боюнча илимий адистиги бар И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика кафедрасын бекитүү сунушталат.

**Биринчи расмий оппонент** катары **Омашев Намазалы Омашевич,**

филология илимдеринин доктору, профессор (журналистика боюнча эмгектери: «Фельетон как жанр радиожурналистики (на материалах Всесоюзного и Казахского радио»: автореферат дис. ... кандидата филологических наук/ МГУ им.

М. В. Ломоносова., - Москва, 1984. - 24 с., автореферат боюнча шифры - 10.01.10) сунушталат.

**Экинчи расмий оппонент** катары филология илимдеринин кандидаты, доцент **Асанова Алтын Асановна** (журналистика боюнча эмгектери: Чингиз Айтматов - публицист: автореферат дис. ... кандидата филологических наук/ МГУ им. М. В. Ломоносова. Фак. журналистики. Каф. истории парт.-сов. печати. - Москва, 1989. - 23 с., автореферат боюнча шифры - 10.01.10) сунушталат.

**Сунуштамалар:**

Диссертациянын негизги максаты темасына жараша Кыргызстандагы эгемен жылдарындагы туштук аймагындагы гезиттердин өнүгүүсү болгондуктан негизги акцентти өнүгүүгө коюп, экстремалдуу кырдаалдарды чагылдырууну гезиттердин өнүгүүсүнө байланыштырган кыскача тыянактарды тийиштүү жерлерге берип, диссертациянын темасын ийине жеткирип ачуу талапка ылайык.

Ар бир главага берилген тыянак диссертациянын темасына, максатына, милдетине шайкеш келиши керек. Ар бир тыянакты ушул контексте жетик иштеп чыгуу сунушталат.

Диссертациянын тузумун главаларга, белумдерге бөлүштүрүүнү, жана булардын эки тилдеги авторефераттарда диссертациядагысына дал болушун камсыз кылып, мазмунундагы жана текстеги беттерди оцдоп-тузое талапка ылайык болот.

Пайдаланган адабияттарды, булактарды колдонууну кайра карап чыгып, текстте аларга шилтемелерди женге салуу керектелет.

Диссертациянын кыргыз жана орус тилиндеги авторефератын редакциялоо үстүнөн кылдаттык менен иштеп чыгып, түзүмдөрүн, тексттерин бир түрдүүлүккө келтируу сунушталат.

**Корутунду**

Бул диссертация Кыргызстандын туштук аймагындагы басма соз каражаттарын талдоо, буга байланыштуу учурларды чагылдырууну иликтее алгачкы иш болуп эсептелет. Бул тема боюнча изилдөөлөр журналистика чөйрөсүндөгү илимий өнүгүү учун маанилүү жана актуалдуу экендигин белгилее менен диссертацияда, авторефераттарда оцдооого муктаж көп мучулуштуктор бар экендигин айта кетиш керек.

Диссертациянын главаларын, ар бир бөлүмүн, кыргызча, орусча жазылган авторефераттарын талдап, карап көргөндө, эки жактуу сезим пайда болду. Бир жагынан, иште журналистика учун абдан көйгөйлүү, мааниси зор, буга чейин изилденбеген маселелер орун алды. Экинчи жагынан, диссертациянын болумдерунде буга чейин белгилүү фактылар баяндалып, кээ бир логикалык байланыштар жоготулуп, ар тараптуу мүчүлүштүктөр кездешип жатат. Иште статистикалык маалыматтарга басым жасалып, алардын темага ылайык илимий негиздемелери жетишсиз болуп жатат.

**Диссертациялык кенештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып,** КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университета менен К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу илимдин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо учун түзүлгөн Д 10.23.667 диссертация лык кецешине 10.01.10 - журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу учун жазылган **Мамырова Махабат Каримовнанын «Эгемендүү Кыргызстандын туштук аймагындагы гезиттердин енугуусу (1991-2016 жылдар)»** деген темадагы диссертациясын

изденүүчү кылдаттык менен кайра карап чыгып, аталган мүчүлүштүктөрдү оңдогондон кийин кароого алууну сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү, ф.и.к., доцент А.Асанова:** Урматтуу Осмонакун Ибраимович, урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү мен эксперттик жыйынтыкты алып чыккан да жокмун, окубайм дагы диссертацияны алып чыктым. Мен диссертацияны бир жума талыкпай окуп чыктым. Иш 168 беттен турат экен. Ар биринин кылдат окуп чыктым. Мен мындай эки чоң сунуш айтат элем.

1. Диссертациянын темасында айып жок. Тема ете актуалдуу, өтө маанилүү. Эмне учун маанилүү? Анткени, журналистика боюнча 3 илимдин доктору, канлгандары илимдин кандидаттары. Ошондуктан журналистика тармагында жазылган ар бир илимий иш ет© актуалдуу болуп эсептелет. Бирок, ошого карабастан менин оюмча дагы бир нерсени айтып коюш керек. Ар бир иш кафедранын талкуусунда жакшы етуш керек. Ош университетинде, Жалал-Абад университетинде журналистика факультеттери жок, ошондуктан Бишкекке келип журналистика кафедраларынан талкуудан өтүш керек. Анткени, талкуу учурунда ар бир журналистика адистиги обьективдүү, принципиалдуу сын пикирлерди айтышат.

2. Экинчи маселе ар бир жактоочу, изилдеечу кайсы илимдин кандидаты жана доктору экендигин билиши керек. Журналистика филологиялык аспектиде изилдениши керек. Башкача айтканда стилистика, жанр, журналистикалык чеберчиликти жазыш керек. Экинчи главада темалар туура жазылган, бирок, бир дагы журналисттин материалы жок. 3-главада Кыргызстандагы мониторингдеги отчеттор, медиа боюнча комиссиянын материалдары, журналисттик изилдоонун жыйынтыгы, Кыргызстандагы медиа агентстволордун отчеттору гана тиркелген. Менин оюмча Ош, Жалал-Абад, Баткендеги журналисттик изилдөөлөрдүн материалдары доо арыздын негизинде болуш керек. Ошондуктан бул жерде жогоруда аитылып ©ткен стилдик, грамматикалык ж.б. техникалык каталарды санап өттүм. Эң негизги ката 2-3-главалардан кеткен. Мен Кубан Илязовичти жогору сыйлайм, ал киши менен 3-4 жолу суйлештум. Жактоочу махабат Каримовна менен да сүйлөштүм. Бул ишти ушул бойдон коргоого сунуш кылууга болбойт. Ошондуктан бул жакта мен объективдүү түшүнүү болот деген ишенимдемин.

**Диссертациялык кеңештин мучесу ф.и.д., Гүлжигит Умарович:** Менде бир сунуш бар. Авторефераттарда орус окумуштуулардын цитаталарын диссертанттар кыргыз тилине которушат. Аны биз кайра орус тилине которгондо такыр башкача маани чыгып калат. Цитаталарды орусча эле калтырып койсок деп айтар элем.

**Окумуштуу катчы Н.Ыйсаева:** Урматтуу диссертациялык кецештин мучелеру процедурный маселелер боюнча бир аз тушундурм© берип коеюн. Диссертациялык кецештин эксперттик тобунун мучелерунен корутундулар келип тушет. Дароо кириш номерин коюп туруп, сканерлеп сайтка салабыз. Уч эксперттин тец пикири ишти каирадан карап чыгып езунун денгээлине чейин алып чыккандан кийин коргоого сунушталат деген корутунду берип жатышат. Анан мен Улуттук аттестациялык комиссияга телефон чалып процедураны сурадым. Сурасам протоколуңар эки протокол менен кетет деди. Биринчи алдын-ала коргоонун протоколун комментарий менен сайтка жазасыңар деди. Ушундай сунуштар болгон учун кайра иштеп келүүгө кетти дейсиңер деди. Кайра ишти алып келип эксперттерге көрсөтөт, анан кайра алдын-ала коргоого чыгат. Экинчи алдын-ала коргоо болот. Уч эксперттен тец кайра иштеп келсин деген сунуш тушкен учун

тушундуруп кетейин дедим.

**Отурумдун төрагасы, ф.и.д. академик, О. Ибраимов:** Махабат сен капаланба, кузге чейин оңдоп иштеп чыгып кайра алып келип эксперттерге тапшырасың.

Жогоруда айтылгандарды эске алып, угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Жусуп Баласагын атындагы кыргыз улуттук университетине жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу учун уюштурулган Д. 10.20.616 Диссертациялык кенешинин отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

3.1. Мавлянова Махабат Каримовнанын “Эгемендүү Кыргызстандын түштүк аймагындагы гезиттердин өнүгүүсү” (1991-2016-жылдар) деген темада жазылган кандидаттык диссертациялык иши жөнүндөгү эксперттик топтун корутундусу кабыл алынсын;

3.2. Диссертациялык ишке карата айтылган сунуш-пикирлер, кемчиликтер эске алынып, кайрадан иштеп чыгууга убакыт берилсин.

Д. 10.23.667 Диссертациялык кеңештин
терагасы, академик Ибраимов О.

Д. 10.23.667 Диссертациялык кеңештин
катчысы, ф.и.к. Ыйсаева Н.